КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУ

АЙРЫБАЗ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

тел: 6-02-12. Mr.okmotu@mail.ru

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКИЙ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
АЙРЫБАЗСКОГО АИЛЬНОГО
ОКРУГА

тел: 6-02-12. Mr.okmotu@mail.ru

**Айрыбаз айыл аймагынын айылдык Кеңешинин 7-чакырылышынын кезексиз жыйырма алтынчы сессиясы.**

**Айрыбаз айылы.** **30.01.2024-жыл**

**Т О К Т О М № 149.**

**Айрыбаз айылындагы жеке менчик мал базар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 18.06.2015-жыл № 377 токтомундагы талаптарга жооп бербегендиктен тийиштүү мекемелердин ветеринардык-санитардык норма талаптарга жооп бере турган абалга келтирүү жөнүндөгү талап каттарын жана Марказ айыл өкмөтүнүн 2020-жылдын 24- августундагы № 32 токтомунун негизинде ,Достук айылына жаңыдан салына турган муниципалдык менчиктеги мал базарды куруу үчүн ижарага берүү боюнча айыл өкмөтүнүн башчысынын суранычын кароо жөнүндө.**

Айыл өкмөтүнүн башчысынын жаңыдан курула турган муниципалдык менчиктеги мал базарды ижарага берүү боюнча суранычын кеңеш карап чыгып төмөнкүдөй

**ТОКТОМ КЫЛАТ;**

1.Муниципалдык менчиктеги мал базар 1 жылдык мөөнөткө ижарага берилишине маакулдук берилсин.

2.Ижарачыга курулуш иштерин долбоордо (ПСД) көрсөтүлгөндөй жүргүзүү жана курулушту баштоодо тийиштүү мамилекеттик мекемелерге каттатуу жагы милдеттендирилсин.

3.Ижарачы 1 жылдын ичинде өз эсебинен инвестиция жасабаса жана курулушту долбоордогудай жүргүзбөсө келишим айыл өкмөтү тарабынан бир тараптуу токтотулсун.

4.Ижарачы курулушту өз мөөнөтүндө жана талаптагыдай аткарса ижара келишиминин мөөнөтүн узартуу жагы каралсын.

5.Ушул токтомдун аткаралышын камсыз кылуу айыл Өкмөтүнүн башчысы Б.Ахмедовко тапшырылсын.

6.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы, айылдык Кеңештин төрайымынын орун басарына жүктөлсүн.

**Төрайым;** **А. Салиева**